ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Материалы по теме:
Коллективизация с/хозяйства
в Киргизии
(Собр. С. Ильясов)

Институт ... литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 82
273 св.
КирФАН СССР гор. Фрунзе

# ПАПКА
## ДЛЯ
# БУМАГ

Материалы по теме:
Коллективизация с/хозяйства
в Киргизии.
(собр. С. Ильясов.)

# КӨП КАТЫН АЛУУ МАСЕЛЕСИ

/Калың мал тууралу/

"Эркин тоонун" 120-121-сандарында көптун талкуусуна деп "Калың мал" деген макала жаздым эле. Бул макаланы окуп, талаш иретинде өз пикирин жазган эки эле жолдош чыкты. Аскар жана Кокон уулу. Менин пикирим менен булардын пикири көп жеринде бир болсо да, эки энегизги маселе тууралу ар кимдин нккиакх ою ар турдуу болду. Талаш маселе менин оюмча калың малдын чыкканы жана көп катын алуу маселелери. Бул макалада мен калың малдын кайдан чыкканын жазбай, көп катын алуунун себептери, анын зыяндары, курөшуу жолдорун өз пикиримче айтып өтмөкмун.

## 1. КӨП КАТЫН АЛУУНУН СЕБЕПТЕРИ

Мен илгерки макаламда "байдын көп катын алуунун себеби: катындардын кучунөн пайдалануу, катындар байдын чөнтөгун толтурмак бай катындарын кызматка салып, кучунөн пайдаланат. Жалган катын, чын малай болот. Малайдан пайда чыга турганын биз жакшы билебиз" деп жазганмын. Бул көп катын алуунун негизги себеби, бирок башка да себептер жок деп мен жазган эмесмин.

Жолдош Аскар менин жогорку айталныма кошулат. Бирок ага толук канааттанбастан, көп катын алуунун уч себеби: бирөөнун агасы же иниси өлуп калса, ал убакта ошол экөөнун тируу калганы өлгөнунун катынын алат. /жесирибиз деп/ дейт. Ырас агасы өлуп, катыны жесир калганда, өз катыны болсо да адат боюнча иниси алат. Бирок журттун баарынын агасы өлөбу. Жок. Кыргыздын баарынан агасынын же инисинин

катынын алуу максатбы. Жок. Агасынын катынын алгандардын баарынын бир эмес, толуп жаткан катыны боло береби. Жок. Агасынын катынын аларда инисинин катыны болбой калышы мумкунбу. Кыскасы агасынын же инисинин катынын алуу бардык кыргыздын ою эмес. Жесир алгандардын баарынын көп катыны боло бербейт; өз жесирин ала албай калган увакта боло берет; жесир алууну ар ким да жакшы көрө бербейт. Жесирди албаган адамдар да бар. Жесир алуу кыз алуудан арзан тушэт. Ошондуктан жесирди көбунчө катыны жоктор, катыны аздар, кедейлер алат.

Бул чын, жесир алуу деген көп катын алуу деген сөз эмес. Көп катын алуунун негизги себеби жесир алуу деп ойлоо ката, ырас, кайсы бир увакта жесирди катын устунө алуу мумкун" бул окуя дайым боло бербейт.

Кыскасы: жесир алуу, жогорку айтылгандарга караганда, көп катын алуунун негизги себеби болууга жарабайт.

Эми жакшы көруу, суйуу жагына келели. Төбөлуктуу, өмурлук суйуу жок. Суйуу деген аял менен эркектин табигий катнашына байланышкан. Катын алуу негизинде кун көруу. Тиричилик өткөруу маселесине байланышкан. Өз катынын суйбөсө да, аны менен тиричилик кылып тура берет. Суйбөймун деп айдап жибербейт. Анткени, аял менен эркектин бир жерде туруп, чарба курушу тиричиликке пайдалуу. Тубөлук суйуу бар дегендик дурус эмес. жолдош Аскар: "мурунку катынга көңулу жок болуп, суйбөсө ал увакта токол алат" деп жазат. Ырас, эркекте кызыгуу деген бар.

Аны ар ким билет. Бирок жолдош Аткар, кызыгуу кан кызуу тууралу суйулбөйт. Ал суйуу жакшы көруу тууралу айтат. Аскар көп катын тууралу суйлөйт.

Аскардын ою боюнча көп катын алуунун негизги бир себеби суйуу, жакшы көруу, "төшөк жаңыртуу" Аскардын ою: "Катыным эскирди, суйбөй калдым. Назарым тойду, төшөк эскирди. Башканы суйөм, "токол алам!" дегендей. ушул ою боюнча Аскар көп катын алуунун себеби жогоруда келтирдик. Жогоруда тубөлук суйуу жок деп айттык.

Суйуу тубөлук болбосо Аскар катынды суйуп алган жок, ал катынды кызыгып алды. Ал мурунку катынынан сууду. Кийинки катынды алды. Аскар мындан да сууду. Ал дагы катын алат. Бирок, Бирок суйбөгөн катынды коебу, айдайбы, жок. Кийинки алган катын эрин өмур бою жылытабы. Жок дагы суйөбу. дагы алабы. Дагы алса керк. Жаңы катын алса да, эмнеге мурунку катындарын кармап, бошотбойт. Талак бербейт. Же алардан бала барбы. Же алардан да төшөккө кереги пайдасы тийип калабы. же алар төрдө кайкайып, эрке токолго төшөк салып берип гана отурабы. Эгерде илгерки катындары эч нерсе кылбай, кийим, тамакты бекерге жеп, ойнош кылып, тамашалап жатса, эри тим турабы. же бир нерсе айтабы. Кыскасы кийинки суйуп алдыңкыны суйбөсө, анын эмнеге кереги бар. "Суук" болуп байбиче катарында өткөн катындар эринен чыкбастан, эринде калат. Алардын эрге кызыгы кетти, ырас эскирди, ырас көңулунө жакпай калды. Бирок аларды куубайт. Көп катындардын кереги бар. Алар мээнет кылат. Алар эрине, кожоюнга куч берет. Чөнтөгун толтурат, ырас картаң катын иштебейт. Бирок анын илгериде кылган көп мээнети бар.